| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-КОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 30-июлу №29** **Көк-Ой айылы**

**Бетенов Ырысбек Акылбековичтин арызынын негизинде Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кең-Кол айылдык аймагына караштуу Көк-Ой айылынын тургуну Бетенов Ырысбек Акылбековичтин арызын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жыдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" убактылуу жобону жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Кең-Кол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Бетенов Ырысбек Акылбековичке эс алуу жайын жеңил курулуш жабдыктары менен куруу үчүн Кең-Кол айылдык аймагынын административдик чегиндеги №833 чөйрө сызыгынан 0,20га жер тилкесин "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын башка жерлер (курулуш алдындагы) жерлерге которууга (трансформациялооого) мыйзамдын чегинде макулдук берилсин.

2.Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен бийланышкан иштерди каржылоо, арыз ээсинин жеке каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3.Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш-кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**